STEM инновациялык колледжинин информациялык –коммуникациялык дисциплиналар циклдык комиссиясынын 230701 – “Колдонмо информатика(тармактар боюнча )”, 220206- “Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу” адистиктеринин НКББПсын талкулоо жана иш берүүчүлөр менен кызматташуу жөнүндө Меморандумга кол коюу аземи боюнча отурумунун

№ 1 протоколу

- **Күнү:** 21.10.2023
- **Катышкандардын саны:** 40
- **Өткөрүлүүчү жай:** ВШМОП, конференс зал.
- **Күн тартибиндеги маселе:**

1.Кесиптик орто билим берүүнүн 230701 – “Колдонмо информатика(тармактар боюнча )”, 220206- “Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу” адистиктеринин НКББПсын талкуулоо жана иш берүүчүлөр менен кызматташуу жөнүндө Меморандумга кол коюу аземи

**УГУЛДУ:**

1-маселе боюнча: STEM инновациялык колледжинин информациялык –коммуникациялык дисциплиналар циклынын башчысы К.К Шакиров: Келген конокторго ыраазычылык билдирип, конокторду тааныштырып өттү. STEM инновациялык колледжинин директору ф.и.к., доцент Б.К. Абдылакимовага сөз берди.

-STEM инновациялык колледжинин директору ф.и.к., доцент Б.К. Абдылакимова окуу жай жана колледждин жетишкендиктери, алдыдагы аткарылуучу иштер боюнча кеңири малымат берип, сөздү ОшМУнун орто кесиптик билим берүү департаментинин директору, м.и.к. доцент – Ч. Мамажакып уулуна берди.

- ОшМУнун орто кесиптик билим берүү департаментинин директору, м.и.к. доцент – Ч. Мамажакып уулу: -Замандын талабына жараша керектүү адистерди даярдоо максатында иш чара уюштурулуп жатат. Биздин бүтүрүүчү студееттер сиздердин суроо-талаптарыңыздарга жооп берип жатабы. Бүтүрүүчүлөрдүн билим деңгээлин жакшыртуу максатында ушул иш-чара уюштурулуп жатат. Келип бергениңиздер үчүн рахмат.

Программанын негизинде 230701 – “Колдонмо информатика (тармактар боюнча )”, 220206- “Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу” адистиктеринин программа жетекчилери 2 адистиктин НКББПнын максаттарын ,окутуу натыйжаларын жана калыптанычуу компетенциялар боюнча маалымат беришти.

**Сөзгө чыкты**:

-ПИ и ИБ кафедрасынын башчысы У.З.Эркебаев бул адистиктер менен ар дайым биргеликте жакындан иш алып баргандыктан, окуу пландарын түзүүдө бакалавр багытындагы адистиктердин программа жеткечилери менен биргеликте талкуулап бекитебиз. Анткени колледжден бүткөн студенттер билимин улантууда, предметтик айырмачылыктардын саны көп болуп калбашы үчүн биргеликте иш алып барып жатабыз.

-Сунуш катары практикага көбүрөөк көңүл буруу керектигине токтолду. Ошондой эле АСОиУ адистигинин сырттан окуу бөлүмүн кайра ачуу керектигин баса белгиледи. Анткени, бардык эле студенттердин күндүзгү окуу бөлүмүндө окууга шарты жок болгондуктан сырттан окуу бөлүмүн кайра ачуу зарыл деп эсептейм.

-Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин түштүк аймактар аралык башкармалыгынын жетекчиси Окенов Эрмек Тологонович: Азыркы учурда орто билимдүү бүтүрүүчү муниципалдык кызматка ишке алынса болот. Кызматка алуу үчүн атайын резервдик кадрдан тестен өтүү керек. Тесттен өтүү үчүн мыйзамдарды окутуу предметин киргизсеңиздер. Сиздер менен кызматташууга даярбыз. Атайын конок лекцияларга жана иш-чараларга чакырсаңыздар иштешүүгө кызыктарбыз.

Үч-Төбө айыл өкмөтүнүн башчысы Тажибаев Жумабек: Студенттер айыл өкмөттөргө студенттер көп келишпейт. Санарип аймак, түндүк программаларында иштегендиктен IT тармагындагы адистерге муктажбыз. Бизге керектүү адистер маалымат технологиялары тармагындагы адис болбогондуктан биз муктаж адистерге муктажбыз. Себеби бизде компьютердик технологияларды билбеген улуу муундагы кадрлар иштейт.

Сунуш катары муниципалдык өз алдынча башкаруу багытында предмет киргизилсе.

-Комерциялык Банк Кыргызстан ачык акционердик коомунун Ош филиалынын директору Медетова Гулзат: сиздерден практикага барган студенттер бар практика учурунда өздөрүн жакшы көрсөтүшөт. Банк калоочу студенттерди стажировка алышат. Мекеменин жумушун 3 айда үйрөтсө болот, бирок студенттер убакыт кетирип үйрөтсөк кээ бир студенттер стажировка бүткөн соң иштебей кетип калып жатышат. Ошондуктан студенттерди чыдамдуулука, жоопкерчиликтүүлүкө, кесиптештер менен мамиле кылууну окуу процесси менен биргеликте үйрөтсөңүздөр жакшы болмок.

- “Финка Банк” ЖАК Ош филиалынын директору Айткурманов Улан: студенттерди практикага бекер алууга даярбыз. Практика өтөө боюнча да кошумча маалымат берилсе студенттер практика учурунда өз укутарын билип, убакытты туура пайдаланышмак. Банкта атайын устаттар алардын өнүгүшүүнө кошумча стимул берүүгө даяр.

Колледжден барган студенттер жакшы практика өтөшөт, тилдерде эркин сүйлөшөт, өздөрүн жакшы алып жүрүшөт. Колледж менен түзүлгөн келишимдин негизинде бүтүрүүчүлөр өздөрүн жакшы көрсөткөндүгү үчүн ишке алып калганбыз.

-“Кыргызаэронавигация”мамлекеттик иш канасынын Ош шаарындагы башкы инженери Молдаташев Мелис: иш чаранын мааниси келечекти ойлогон программа жетекчилердин жетишкендиги. Иш чара өзубагында уюштурулуптур. Окуу планын түзүүдө элективдик курстар чоң роль ойнойт.Студенттердин да ой пикирлерин угуу да абдан маанилүү.Тандоо курстарын туура тандоо менен мыкты адистерди даярдоого болот. Анткени IT тармагында жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү жогорулайт.

Иш берүүчүнүн талабына ылайык адисти кантип даярдайбыз деген максатта уюштурулган иш чара экени баарыбызга маалым.

Сунуш катары Студенттерди окууга кабыл алууда атайын критерий болсо жакшы болмок. Өндүрүш менен окуу жай ортосундагы ажырымды жок кылуу максатында конок лекцияларды, экскурциялар, саякаттар уюштурулса.

-“ Бируни” IT  мектебинин Аданов Санжар: мектептер менен тыгыз байланышып информатика предметин терендетип окутушса, колледжде мектептин программасын окутууга убакыт кетирбестен адистик боюнча предметтер окутулса. Адистике тиешелүү сабактардын сааты көбөйтүлсө. Стандарттарга өзгөртүү киргизилсе жакшы болмок

Жогорудагы айтылган пикирлерди угуп жана талкуулап, төмөнкүдөй чечим кабыл алынды

1. Иш берүүчүлөрдүн сунуштар эске алынсын.
2. Кесиптик орто билим берүүнүн 230701 – “Колдонмо информатика(тармактар боюнча )”,220206- “Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу” адистиктеринин НКББПсы жактырылсын жана пайдаланууга сунушталсын.

Жыйындын төрагасы, окутуучу : Шакиров К.К.

Катчысы: Жумабек кызы Г.